DOI:10.26104/NNTIK.2023.50.42.073

*Нарматова Г.К.*

# XXI КЫЛЫМДА АНГЛИС ТИЛИНИН ТААСИРИ

*Нарматова Г.К.*

# ВЛИЯНИЕ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В XXI ВЕКЕ

*G. Narmatova*

# THE IMPACT OF ENGLISH IN THE XXI CENTURY

*УДК: 413.163=943.41=20*

*Изилдөөгө алынып жаткан кыргыз тилиндеги англицизмдер салыштырма тил илиминде, бүгүнкү күндө лингвисттердин көңүлүн өзүнө буруп, изилдөөгө муктаж экендигин көрсөтүп турат. Окумуштуу Л.В. Щерба бул туурасында мындай дейт: "Ар түрдүү тилдерди салыштырып үйрөнүү өзүбүздүн эне тилибиздеги байкалбаган көрүнүштөрдү окуп үйрөнүүгө жардам берет". Бул илимий тема теориялык жана практикалык жактан изилдөөгө муктаж экендиги талашсыз. Макаланын изилдөө предмети болуп кыргыз лексикасында кеңири колдонулуп жаткан англицизмдер. Изилдөөнүн максаты: 1. Кыргыз тилиндеги англицизмдердин себептерин кароо; 2. Англицизмдердин пайда болуу жолдорун изилдөө. Макалада дисциплинанын изилдөө объектиси компьютердик технология жана Интернет. Изилдөө ыкмасы катары - аналогия, адабият анализи, эмпирикалык методдор, сурамжылоо жана анкета, сүрөттөмө колдонулган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында англицизмдерди колдонуу ылдамдыгы жогорулаганы байкалды, бул, албетте лингвисттердин кийлигишүүсүн талап кылат. Заманбап технологиялардын көбөйүүсү менен, тилде жаңы сөздөрдүн пайда болуусу шексиз. Эмгектин жыйынтыктары четтилдерин үйрөнүп жаткан окутуучуларга жана студенттерге сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *англицизм, революция, информациялык доор, технология, смартфон, Интернет, онлайн, оффлайн.*

*На сегодняшний день англицизмы в кыргызском языке, привлекают внимание лингвистов-сопоставителей и показывают, что они нуждаются в изучении. Ученый Л.В. Щерба сказал: «Сравнительное изучение разных языков помогает читать и узнавать невидимые явления на нашем родном языке». Несомненно, что данная научная тема нуждается в теоретическом и практическом исследовании. В данной статье предметом исследования является англицизмы используемые в кыргызской лексике. Цели исследования: 1. Найти причины заимствования из английского языка. 2. Изучить способы возникновения англицизмов. Методы исследования - аналогия, анализ литературы, эмпирические методы, опрос и анкетирование, описание. В результате исследования было выявлено, что скорость внедрения англицизмов увеличивается. С появлением высоких технологий в лексике неизбежно использование новых терминов, что существенно требует вмешательсто лингвистов. Новые, для многих незнакомые слова нуждаются как в объяснении так и в переводе. Это работа рекомендуется для студентов и преподавателей изучающие иностранные языки.*

***Ключевые слова:*** *англицизм, революция, информационный век, технология, смартфон, Интернет, онлайн, оффлайн.*

*Nowadays, English borrowings in the Kyrgyz language attract the attention of linguists-comparators and show that they need to be studied. Scientist L.V. Shcherba said: "Comparative study of different languages helps to read and recognize invisible phenomena in our native language." Undoubtedly, this scientific topic needs theoretical and practical research. Objective: to consider the features of the using of Anglicisms and their functioning in the Kyrgyz language. Research Objectives: 1. to find out the reasons for English borrowings. 2. To study the ways of using of Anglicisms. Methods: material search (Internet and media), analysis, comparison and generalization); Conclusion: As a result of the study, it was revealed that the amount of using anglicisms is increasing. With the advent of new technologies in vocabulary, the use of new terms is inevitable, which requires the study of linguists. Words new to many should be explained and translated. This work is recommended for students and teachers studying foreign languages.*

***Key words:*** *anglicisms, revolution, information age, technology, smartphones, the internet, online, offline.*

Учурда маалыматтык доордо жашап жатканыбыз менен дүйнөлүк күндемди белгилеген топтор, жаңы бир доордун башталганын айтып турат. Тактап айтканда, жер шаарында жаңы доордун башталышы Швейцариянын Давос шаарчасында өткөн Дүйнөлүк экономикалык форумдун да негизги темасы болду. Анткени "Төртүнчү индустриалдык революция" деген теманын өзү эле көп нерседен кабар бергенсийт. Серепчи Искендер Ормон уулунун пикиринде, быйылкы форумдун "Төртүнчү индустриалдык революция" деп аталышы да жөн эмес. Буга чейин дүйнөнүн өнүгүүсү 3 этапка бөлүнүп, агрардык коом, өндүрүштүк коом жана информациялык коом деп каралган. "Биз информациялык доордобуз деп жүрсөк, учурда жаңы бир доордун башталганы Давосто жарыяланды. Азыр бизге көп сезилбесе да, биз тарыхый бурулуштун доорунда жашап жатабыз. Анткени экономика менен жаңы технологиянын айкалышы, аны адамзаттын өнүгүүсүндө максаттуу пайдалануу башкы планга чыкты. "Жасалма акыл" деп аталган же роботтук техникалардын пайда болуусу, жер шаарына жаңы социалдык көйгөйлөрдү да жаратаары бышык. Мындан улам, жаңы экономикалык моделдердин, жаңы лидерлердин, билим берүүнүн багыттары өзгөрөөрү да шексиз [1].

Төңкөрүш (латын –revolutio – бурулуш, кубулуу, кайрылуу) – жаратылыш, коом же таанымдын кайсы бир кубулуштарынын өсүшүндөгү терең, түп тамырынан, радикалдуу жаңылануу, сапат жагынан өзгөрүү, жаратылыштын өнүгүүсүндөгү секирик.

Индустриалдык революция – дүйнөдөгү көрүнүктүү өлкөлөрдөн башталган, массалык түрдө кол эмгектен автоматтыкка, мануфактурадан фабрикага өтүү болуп саналат.

Жаңы кылымдын өзгөчөлүгү менен, жаңы өзгөрүштөргө карай кыргыз тилинин курамы да бир топ, бей тааныш жаңы сөздөрдү өзүнө камтый баштады. Буга себептер көп. Анын негизгиси болгон дүйнөнүн жети кереметинин бири, реолюциянын себепкери – Интернет жөнүндө бул макалада сөз болмокчу.

Интернет – бүткүл дүйнөлүк телекоммуникация тармагы. Анын жардамы менен ар кандай форматтагы билдирүүлөрдү, маалыматты сактоону жана алмашууну ишке ашырып келебиз. Ошондой эле түрдүү кызыкчылыктар менен бириккен адамдардын виртуалдуу байланыш айдыңы. Бул максатты ишке ашыруу үчүн социалдык тармактар, тиркемелер, сайттар кызмат кылып келет. Бирок ошол интернет кайдан келет жана кантип иштейт?

Интернет - (англ. бириккен түйүндөр) маалыматтык жана эсептеп чыгаруучу глобалдык ресурстардын телекоммуникациялык түйүнү [2].

1957-жылы Советтер Союзу Жердин спутнигин кое бергенде согуштан чочулаган америкалыктарга ишеничтүү маалымат тармагы керек болгон. Бул үчүн атайын компьютердик түйүн иштеп чыгуу тапшырмасы коюлган. Түйүн ARPANET деп аталган.

Алгачкы APANET 1969-жылы 1-сентябрда Лос-Анжелесте Калифорния университетинде орнотулган. Honeywell DP-516 компьютеринин 24 килобайт операциялык эс-тутуму болгон.

1969-жылы 29-октябрда ARPANET менен Стэнфорд изилдөө институтунда байланыш сеансын жүргүзүшкөн. Так ушул датаны интернеттин туулган күнү деп белгилесе болот.

БРАУЗЕР: Кардарларга керектүү маалыматты форматына карабай берүү үчүн атайын браузерлер (интернет барактарын иликтөөчү программа) иштелип чыккан. Эң популярдуу браузерлер Google Chrome, Internet Explorer, Mozilla Firefox, Safari жана Opera.

ДОМЕН аталыштар: Браузерлердеги интернет баракчалардын аталышы бир нече сандан турат. Колдонуучуларга санга караганда тамга менен издөө жеңил болгондуктан домен аталыштар ойлонуп табылган. Издөө системине аталышты жазганда ал дароо эле компьютердин тилине, башкача айтканда, автоматтык түрдө сандарга алмашат да, серверге же хост – компьютерге (ар кандай көлөмдөгү папкаларды сактаган компьютер) жөнөтүлөт. Кыргызстанга интернет 1995-жылдан тартып келе баштаган. Интернеттин 90 пайызын казакстандык 4 ири провайдерлер Орусиядан Кыргызстанга түз алып берет [2].

Учурда 3 жаштагы бала 50-60 тагы чоң энеге салыштырмалуу өзү телефонду, ноутбукту жандырып, оңой эле интернетке кире алары талашсыз. Кат жазып, кагазга ороп сүрөт жиберген заман артта калды. Бүгүн байланышуунун ар тараптуу жолдору бар. Кааласаңыз смартфон, мүмкүнчүлүгүңүз артып турса социалдык тармактар аркылуу дүйнөнүн булуң-бурчу менен байланышууга шарт түзүлдү. Өзүңүздүн сүрөтүңүздү, ичиңиздеги ой-толгооңузду социалдык тармактагы досторуңуз менен бөлүшө аласыз. Кайда барба интернет аркылуу жумушубузду ылдам бүтүрүүгө көндүк. «Wi-Fi» болгон жерлерге талап жогору.

Wi-Fi (wireless fidelity) – англис тилинен сөзмө-сөз которгондо «зымсыз сапат» же «зымсыз тактык» деген маанини берет.

Интернеттин пайда болуусу менен тилдеги өзгөрүүлөр байкалды. Девид Кристал англис лингвисти өзүнүн акыркы «Тилдик революция" аттуу китебинде тилди революциялык олуттуу өзгөрүүлөргө алып келген факторлордун бири деп Интернетти белгилеген [3]. Мисалы: Кардарларга керектүү маалыматты форматына карабай берүү үчүн атайын браузерлер (интернет барактарын иликтөөчү программа) иштелип чыккан. Google *Chrome, Internet Explorer, Mozilla Firefox, Safari, Opera жана YouTube б*ул браузерлердин жөнөкөй аталышы, негизи браузерлердин, интернет баракчалардын аталышы бир нече сандан турат. Ал эми сандык аталыш IP дарек деп аталат.

Бүгүнкү күндө жер планетасында 4 миллиарддан ашык жашоочулар интернет кызматын пайдаланышат. Алардын 3 миллиарды уюлдук телефон аркылуу интернетке туташкан. Бул колдонуучулардын саны күн сайын өсүп турат. Дүйнө жүзү боюнча «Интернет ачкычы» 7 гана адамда бар. Бул сыр тамгалары бар электрондук карта. Глобалдык хакерлердин кол салуусуна дуушар болгондо АКШнын аскердик базасына билдирүү келет. Ал жерден ачкыч ишке кирип, бүткүл дүйнөлүк интернет тармагы өчүрүлөт. Интернет пайда болгон күндөн тартып 5 жыл ичинде 50 миллион адам колдонгон. Мындай аудиторияга жетүү үчүн телефондор 75 жыл, радио - 38 жыл, телевидение - 13 жыл, ал эми Angry Birds 35 күндө популярдуу болууга жетишкен.

Дүйнөнүн башка бурчтарындагыдай эле Кыргызстанда да интернет колдонуучулардын саны күндөн күнгө артып өзгөчө шаарларда интернет кафелер пайда болуп мезгилдин жаңы талабы болгон WiFi толкундары менен кардарларды кызыктыруу жолдорун пайдаланышууда. Популярдуу интернет байланышты *homeline, smartnet, Ostore, Beeline, Megacom* ж.б. компаниялары конкуренттик менен камсыз кылышат.

Статистикага караганда Кыргызстанда интернет колдонуучулардын 85% 10 жаштан 35 жашка чейинкилер түзөт. Дүйнө жүзүнүн ар башка өлкөлөрүндөгүдөй Кыргызстанда да маалымат порталдарынын ичинен эң көп колдонулганы Google порталы болуп саналат.

Интернетке көз каранды болуп калган интернет колдонуучулар айрыкча жаштар интернет үчүн акчаны ченемсиз которуп турушат. Сурамжылоонун жыйынтыгы менен бир айда 55%, 100 сомдон - 500 сомго чейин, 25% 500 сомдон 1000 сомго чейин, 20% 20 сомдон 100 чейинки сумманы интернет байланыш үчүн төлөп турушат. Канчалык Мгбайт көп болсо

ошончолук интернетке кирүү кеңири болот. Кээде бекер Wi-Fi толкундары бар жерлерди издешет. Бул көз карандылыктын алгачкы белгилери интернеттеги убакытты көзөмөлдөй албоо менен башталат.

Интернет-дүкөн (англ. "*online shop" же "e-shop*") – интернетте товарлар менен соода жүргүзүүчү сайт. 1990-жылы Тим Бернерс Ли биринчи дүйнөлүк интернет тармагынын серверин жана браузерин түзгөн. Ал ресурс коммерциялык колдонууга 1991-жылы берилген. 1994-жылы биринчи интернет–дүкөн "Пицца Хат" ("Pizza Hut") онлайн пицца дүкөнү ачылган.

Т.Ю. Виноградова «Специфика общения в Интернете» деген макаласында Интернет-байланыштын өзгөчөлүктөрүн белгилеген:

1. Анонимдүүлүк;
2. Контакт куруучулардын ыктыярдуулугу
3. Эмоциялык түшүнүк берүү үчүн атайын белгилер менен тексттерди толуктоо
4. Типтүү эмес жүрүм – турумга умтулуу [4].

Дүйнөлүк желеде пайдаланган тил бир гана сүйлөө речибизге эмес жана ошондой эле газеталык макалаларга, теле берүүлөргө, адабий чыгармаларга өтө тездикте аралашып жатат. Азыркы күндө виртуалдык байланыш жаштардын эле эмес өспүрүмдөрдүн, балдардын жана карылардын да негизги ишине айланды. Мисалдар аркылуу компьютердик лексикада англицизмдер басымдуу бөлүгү экенин көрөбүз.


Интернет менен жаңы таанышып баштаган адамга түшүнбөстүк жаратып туруучу көптөгөн жат сөздөрдүн пайда болуусунда таң калычтуу деле нерсе жок. Интернетти илим менен салыштырса болот. Анткени илимге тиешелүү болгон бардык негиздерге жана атрибуттарга ээ: биринчиден коом, институттар, мекемелер, өз рейтинги, философиясы жана окумуштуулары бар. Виртуалдуу дүйнө, аймагы кенен, өзүнүн белгилүү мыйзамдары жана тартиптери менен. Дайыма өсүп, өнүгүп туруучу тили бар. Интернеттин тили бир канча өзгөчө, дүйнөлүк желеде берилген фразалары жана түшүнүктөрү менен айырмаланган сленг жана жаргондор саналышат.

Биздин сурамжылообуздун жыйынтыгында Кыргызстанда Интернет колдонуучулардын арасынан 3-16 жашка чейинкилер оюн ойноо үчүн колдонушса, 17-31 жаш курактуулар баарлашуу жана соода кылуу максатында, ал эми 32-65 жашка чейинкилер жаңылыктарды издөө жана баарлашуу максатында болсо, андан жогоркулар видео байланыштарын гана колдонушат. Демек, журтубуздун арасында Интернетке аралашпаган адам жокко эсе.

Кыргыз тилиндеги кабарлоо сайттарынын арасында эң активдүү колдонулган бул Superkg порталы эсептелет. Порталдын статистикасы боюнча 15 мүнөт ичинде 13089 колдонуучу (катталганы 163, коноктордон 12926) порталга кирген (2-февраль, 2017-жыл, 10:01). Жаштар арасында популярдуу – superinfo порталы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети аркылуу 04.10.2019-жылы болуп өткөн "Цифровая трансформация в Центральной Азии" конференциясында Кыргызстанда 2,5 млн. жакын адам Интернет колдонушарын комитеттин өкүлү Дастан Догоев тарабынан айтылган [5].


Анын билдирүүсү боюнча Кыргызстандын калкы жалпы 6,2 млн. түзсө, 9,38 млн. уюлдук байланыштын абоненттери катталган. Догоевдин билдирүүсү боюнча Интернет колдонуучулардын саны жыл сайын 38% ке өсүп турат. Башкача айтканда биздин өлкө виртуалдуу жашоонун колдоочулары катары жыл сайын 500 000 жакын жаңы колдонуучулар кошулуп турат деген фактыларды билдирген. Ошондой эле, калкыбыздын 40% банктагы капчыкка ээ болушса, 15% Интернет банктар менен 5% Интернет алып-сатуу менен алек болушат [5]. Интернет колдонуучулардын өсүү динамикасы.





**1-сүрөт.**

***Булагы:*** *Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы Мамлекеттик байланыш агенттигинин жылдык отчету: https://www.nas.gov.kg/dp/ezhegodnye-otchety-agenstva].*

5 902 317 колдонуучу, бул Кыргыз Республикасынын калкынын 90%ын түзөт.




2-сүрөт.




3-сүрөт.

***Булагы:*** *Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы Мамлекеттик байланыш агенттигинин жылдык отчету: https://www.nas.gov.kg/dp/ezhegodnye-otchety-agenstva].*

Кыргыз Республикасында интернет кызматтарын колдонуучулардын жалпы саны 5,0 млн.

Өлкө калкынын 90% 2022-жылдын январь айынын маалыматтары [5].

Мындай темпте өсүп жаткан Интернеттин таасири тилге албетте таасирин берет. Ушул кыргыз тилдүү сайттарда кеңири колдонулган компьютердик англицизмдерди билдирген топто, негизинен, Интернет тармагына байланышкан төмөнкү сөз жана сөз айкаштары көбүрөөк байкалды:

*Медиа* – портал – *superinfo маалымат-маанайшат медиа порталы.*

*Админ* – веб сайттагы администратор. Whatsapp, Instagram сыяктуу Интернет сүйлөшүү баракчаларында сөзсүз түрдө «админ» болоорун жана бул сөздүн дайыма колдонулуп турушун мисал катары берип кетсек болот.

*Плагиат* – адабияттагы уурулук, бирөөнүн чыгармасын эч кандай эскертүүсүз, шилтеме бербей өзүнө таандык кылып алуучулук. Учурдун талабына жараша жазылган эмгектер электрондошуп, баарына жеткиликтүү болуп калганына байланыштуу, кээ бирөөлөр андан көчүрүп алууну оңой көрүп колдонгондор да өсүп кетти, ошондон улам плагиат, антиплагиат сыяктуу текшерүүчү жолдору чыкты.

*Веб*-сайт–тармак, орун. Гипербайланыштагы документтерди камтып Интернетте орнотулган тармак оруну. Веб-сайтты, техникага чейинки жашоодо болуп келген ишканага же офиске салыштырып кетсек болот. Азыркы күндө ар бир организация өзүнүн жеке сайтына ээ болуусу зарыл. *Мисалы: Анжелика: Мени каралаган 5 сайтты сотко бердим [super.kg].*

*Браузер* – веб барактардын тутумундагыларды иштетүү жана чыгруу үчүн комплекстүү тиркеме.

*Блоггер – Мисалы: Жашоосун керемет көрсөткүсү келген америкалык блоггер карызга батты.*

*Интернет маркетинг* – көптөгөн сайтка кирүүчүлөрдү топтогон макала каталогдор.

*Онлайн* (онлайн соода кызматтар, онлайн курстар, онлайн оюндар, онлайн карым катнаш) – байланышта болуу. *Super.kg сайтындагы Online шерине*

*Пост* – (лат. Positus - коюлган) Мисалы: *Кыргызда Интернеттеги пост үчүн айып пул салына баштайбы?*

*Хештег* – сөз арасында боштукту пайдаланбай, сөздүн башына # белгисин коюп коюу. Twitter, Instagram, Tumbir, Google, Pinterest, YouTube, Facebook түйүндөрүндө.

*Скайп* – WiFi телефонунда веб браузер жок, жана веб негизинде логин же аутентификацияны талап кылган хот – споттордо иштей албаган программа

*IP адрес*–Интернет – интернетке түздөн түз кошулган компьютердин бөтөнчө адреси. Ал 4 байтты ээлейт.

*Сервер*–Прокси сервер (ыйгарым укуктуу сервер) – компьютердик желедеги клиенттин башка серверлерге болгон кайрылуусунун ыйгарым укугун аткарат. *Мисалы: «Европадагы көйгөй сервер кластерлерине берилген электр кубатынын өчүп калышынан келип чыкты.»*

*Хостинг* – файл изилдөөлөрдү иштетүүгө керектүү программалык камсыздоосу бар сайттын файлдарын серверге жайгаштыруунун минимум кызматын билдирет.

*Мейл ру* – веб – серверди түзүп берүүчүлөр.

*Стикер* – (англ. sticker наклейка, жабыштыргыч) мисалы, ***Стикерин*** *көрүп, төрүнө өт! Тамактын сапаты кафенин сыртына жазылган [sputnik.kg 29.03.*

*2018.* Бул жерде кыргыздын белгилүү макалы «Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал», – аттуу макалдын биринчи бөлүгүнүн трансформациясы берилген: кыргызча **эшигин** сөзүн **стикер** сөзү колдонулган. Андан башка мисалдарды карап көрөлү. Бүгүнкү күндө жаштар эле эмес бардык эл ватсап колдонуучусуна айланды.

*Ватсап* – сүрөттөрдү жана тексттерди жөнөткөнү мүмкүнчүлүк берүүчү программа. *Мисалы: Күбө ватсап каналы аркылуу жиберген видеодо Tayota үлгүсүндөгү унааны башкарып бараткан киши алдына баланы отургузуп алганы турат [6].*

*Инстаграм*–сүрөттөр менен алмашуучу программа. *Мисалы: эми Instagtam тиркемесинде Whatsapp сыяктуу видео жана аудио чалуу пайда болот.*

*Андроид*-смартфондор, планшеттер, электтрондук окуулуктар үчүн операциялык система. *Мисалы: Саамалык Android пайдалануучуларына тиркемедеги тайпалар үчүн сүрөттөөнү кошууга жол ачат.*

*Смартфон* – акылдуу телефон. *Мисалы: 1-январдан тарта Whatsapp айрым смартфондордо иштебей калат.*

Интернет колдонуучулар пайдаланган тил – компьютер тармагына байланышкан терминдер, англицизмдер жана жаргондор. Ал эми сленг – күнүмдүк сүйлөө речибизге аралашып, түшүнбөстүк жаратып жаткан бирдик.

**Facebook –** дүйнө жүзүнө кеңири таралган ири тармак. 2004 – жылы Марк Цукерберг тарабынан негизделген. Натыйжада ушул сайт аркылуу Марк Цукерберг 23 жашында планетабыздын эң жаш миллиардери болгон. Эң биринчи бул веб-сайт “The Facebook” деп аталып, сайтты бир гана Гарварддык университеттин студенттери колдоно алышкан. Катталууну Бостондун башка университеттерине ачып, андан соң АКШнын бардык окуу жайларынын студенттерине жеткен. 2006-жылдын сентябрь айынан баштап бардык Интернет колдонуучулардын 13 жаштан өйдө, элоктрондук почталары богон интернет колдонуучуларга жете баштаган.

**Жыйынтыктап айтканда,** жипсиз адам баласын өзүнө байлаган интернет бүгүнкү күндө биз үчүн:

- Баарлашуу. Кимдир бирөөлөр социалдык желелерди жакшы көрүп, санаалаштарын, классташтарын же жөн эле кызыктуу адамдарды издеп сааттар бою отура беришет.

- Көңүл ачуу. Музыка угуу, фильмдерди көрүү, оюндарды ойноо, тексттерден өтүү мунун баарын эми он–лайндан чыкпай туруп эле өтсө болот.

- Билим алуу. Чынында интернет, маалыматтын эң мыкты булагы. Көпчүлүк адамдар Интернетти өзүнүн бул же тигил жааттагы билимин толуктоо максатында колдонот.

- Чыгармачылык. Өзүн-өзү өнүктүрүү, жеке өнүгүү. Интернет чыгармачылыкка шыктандырат.

- Сатып алуулар. Атайын интернет акчалар үйдөн чыкпай туруп эле, он-лайн сатып алууларды жүргүзүүгө мүмкүндүк түзөт.

- Акча табуу. Дүйнөлүк желе акча табуу жаатында да чоң мүмкүнчүлүктөрдү тартуулайт. Бул үчүн жеке Интернет дүкөн ачып, сайт же блог жүргүзүп, уникалдуу информациялык продукт түзүү менен иштесе болот.

Интернет деген эмне экенин, анын көп тармактуулугуна карабастан, өз талаптарына жараша максималдуу түрдө айтылган мүмкүнчүлүктөрдү колдоно билиш үчүн адам анын тилин түшүнө билүүсү керек.

**Адабияттар:**


1. Абдувалиева Г.А. Азыркы кыргыз тилинин саясий лексикасынын калыптануусу жана өнүгүүсү (түрк тили менен салыштырма планда) [Текст]... дисс. док. филол. наук. - Бишкек, 2015-ж. - 10.02.20.
2. Найманова Ч.К., Жумабекова Н.М. Вариативность фразеологических единиц как прагматическая основа языкового развития языка (на материале английского и кыргызского языков) // [Электронный ресурс]: https://lib.knu@mail.ru
3. Анна Асланян. Интервью,Оксфордский словарь уходит в Интернет? // [Электронный ресурс]: https://svoboda.org/a/-2157274.html].
4. Виноградова Т.Ю. Специфика общения в Интернете // [Электронный ресурс]: http://www.philology.ru/
5. Жылдык отчет Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги: // [Электронный ресурс]: https://www.-nas.gov.kg/dp/ezhegodnye-otchety-agenstva/
6. Жаңылыктар түрмөгү. // [Электронный ресурс]:https://ru.-sputnik.kg/